КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXI сессиясы**

**Токтом № 153**

Сүлүктү шаары

2-февраль 2024-ж.

**Сүлүктү шаардык кеңешинин кезексиз XXVIII сессиясынын 06.10.2023ж. №133 токтомун жокко чыгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу мамлекетик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Мамлекеттик агенттигинин 26.12.2023-ж. №01-13/604 чыгыш сандуу катынын, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 39-беренесинин 5-пунктунун, 2009-жылдын 20-июлу №241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинини негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин кезексиз XXVIII сессиясынын 06.10.2023ж. №133 "Сүлүктү шаардык кеңешинин 14.05.2021-ж. №1 токтому менен кабыл алынган Сүлүктү шаардык кеңешинин регламентине толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому жокко чыгарылсын;
2. Сүлүктү шаардык кеңешинин кезексиз XXVIII сессиясынын 06.10.2023ж. №133 токтомунун негизинде киргизилген Сүлүктү шаардык кеңешинин регламентинин 12-главасынын 12.13-пунктунун "**Шаардык кеңештин депутаттарынын депутаттык ыйгарым укуктарын толук кандуу аткаруу максатында, сессия учурунда добуш берүү формасын эгерде Баткен облусунун сыртында болсо (иш сапардагыларды кошпогондо) он-лайн форматта добуш берүү укугу киргизилсин.**" - деген экинчи абзацы күчүн жоготту деп эсептелсин;
3. Регламентти ушул токтом менен киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү жагы шаардык кеңештин аппаратына милдеттендирилсин;
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Мыйзамдуулук депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Р.М. Жайнаков